*УДК:327.070.2*
*DOI: 10.35254/bhu.2021.52.16*

***Алимахунов А.***
*Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин*
*К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык Академиясынын*
*аспиранты*

# МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ – МААЛЫМАТТЫК МЕЙКИНДИКТИН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДООЧУ ФАКТОРЛОРДУН БИРИ КАТАРЫ

# УПРАВЛЕНИЕ ИНФОРМАЦИЕЙ КАК ОДИН ИЗ ФАКТОРОВ ОБЕСПЕЧЕНИЯ БЕЗОПАСНОСТИ ИНФОРМАЦИОННОГО ПРОСТРАНСТВА

# MANAGING INFORMATION AS ONE AMONG THE SECURITY FACTORS INFORMATION SPACE

***Аннотация***: *Бул макалада автор тарабынан ар бир коомдук өнүгүүсүнүн транзиттик баскычтарында ММКнын ролу талдоого алынды. Автордун пикири боюнча, ММКсыз коомдун саясий аң-сезимин, баалуулук түшүнүктөрүн, максаттарын өзгөртүү жана саясий процесстерди элдик массанын колдоосуна жетишүү мүмкүн эмес. Мамлекет коомдун коопсуздугун камсыз кылуу максатында ар бир ММКнын маалымат контенттерин тескөө зарылдыгы көрсөтүлдү. Анткени, ар бир маалымат контенттеринде коомдун баалуулуктарын, кызыкчылыктарын калыптандырууда, тымызын тийгизген коркунучтар, чакырыктар камтылышы мүмкүн. Ошондуктан, маалыматтык коопсуздукту толук тескеген, мамлекеттик түзүмдөрдүн өкүлдөрү монтаждалган маалыматтардан, коомчулукту жана инсанды манипуляциялоого багытталган, коомдук аң-сезимди формалдуу жана формалдуу эмес сүрөөчүлүктөрдүн кыйыр ыкмаларынан коргоосу керек. Анткени, мамлекеттик түзүмдөр коомдун коопсуздугуна таасир тийгизген, коркунучтарды жана чакырыктарды камтыган тымызын маалыматтардын контенттерин аныктоого багытталган атайын окуу курстарынан жана тренингдерден өтүшү керек. Жекелик, демөөрчүлөр тарабынан түзүлгөн Жекелик ММКдын саясатына мамлекет таасир тийгизиши зарыл. Качан гана мамлекет маалыматтын контенттери башкара алганда коомдогу коомдун баалуулуктарына, маданиятына төп келбеген көрүнүштөр болбостугу белгиленди.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мамлекет, улут, коом, маалымат, коопсуздук, мейкиндик, чакырыктар, коркунучтар, кызыкчылыктар, тескөө, контент.*

***Аннотация:*** *В данной статье автором проанализирована роль СМИ на транзитных этапах развития каждого общества. По мнению автора, без СМИ невозможно изменить политическое сознание общества, ценностные понятия, цели и добиться поддержки народных масс в политических процессах. Было указано, что в целях обеспечения безопасности общества государство должно управлять информационным контентом каждого СМИ. Потому что каждый информационный контент может нести латентные угрозы и вызовы на формирование ценностей, интересов общества.*

*Поэтому представители государственных структур, полностью курирующих информационную безопасность, должны защищать общество и личность от смонтированных информаций, от формального и неформального лоббирования косвенных методов направленных на манипулирование общественным сознанием.*

*Потому что государственные структуры должны проходить специальные учебные курсы и тренинги, направленные на выявление скрытых контентов информации, содержащие угрозы и вызовы, влияющие на безопасность общества.*

*Государство должно влиять на политику частных СМИ. Отмечено, что, только, тогда когда государство будет управлять информационным контентом, не будет явлений не соответствующих ценностям и культуре общества.*

***Ключевые слова:*** *государство, нация, общество, информация, безопасность, пространство, вызовы, угрозы, интересы, управление, контент*

***Resume:*** *In this article, the author analyzes the role of mass media in the transit stages of development of each society. According to the author, without mass media it is impossible to change the political consciousness of society, value concepts, goals and achieve the support of the masses in political processes. It was pointed out that in order to ensure the security of society, the state should manage the information content of each media outlet. Because every information content can carry latent threats and challenges to the formation of values and interests of society.*

*Therefore, representatives of state structures that are fully responsible for information security must protect society and the individual from mounted information, from formal and informal lobbying of indirect methods aimed at manipulating public consciousness. Because state structures must pass special training courses and trainings aimed at identifying hidden content of information*

***Keywords:*** *state, nation, society, Information, security, space, challenges, threats, interests, management, content.*

Ааламдашуу шартында ММКлар жарандардын коомдогу айрым бир саясий, коомдук, экономикалык, маданий жана башка кубулуштарды кабылдоодосуна гана эмес, жалпы эле коомдогу мамилелерге активдүү таасир тийгизүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Коомдогу кандайдыр бир маселеге коомчулук тарабынан активдүү же пассивдүү позициясынын калыптанышына өбөлгө болот. Ошол эле учурда коомдун маселеге болгон сын пикирлери, көз караштары ММКнын позициясына өз таасирин тийгизет. Өзгөчө, ар бир коомдук өнүгүүсүнүн транзиттик баскычтарында ММКрынын ролу орчундуу, анткени алардын жигердүү иш-аракеттерисиз калктын калың катмарынын саясий аң-сезимин, баалуулук түшүнүктөрүн, максаттарын өзгөртүү жана саясий процесстерди элдик массанын колдоосуна жетишүү мүмкүн эмес. Бирок, кандай багыттагы максаттар, баалуулуктар, аң-сезимдин кайсы формасын калыптандырууга багытталгандыгын мамлекеттин массалык маалымат каражаттарын камсыз кылган тутумдары аныкташы зарыл. Аныктоодо, мамлекеттик тутумдар улуттун кызыкчылыктарын, бир муун сактап экинчи муунга калтырган баалуулуктардын манызын мымаалыматтык коопсуздукту камсыздоонун негизинде жалпы кыргызстандык коомчулукка таанытышы зарыл. Себеби, маалыматтык коопсуздуктун маңызы, ошол баалуулуктарга, кызыкчылыктарга тымызын тийгизген белгилүү бир коркунучтардан, чакырыктардан коргоосу зарыл. Бул зарылдык, коомдун маалыматтык коопсуздугун камсыздоонун жакынкы жана алыскы келечегин аныктаган мамлекеттик денгээлдеги концептуалдуу үлгүсүн иштеп чыгууну талап кылат. Анткени, ММКнын коомдогу көп тармактуу мүмкүнчүлүгү коом менен бийликтин жана бийлик менен коомдун "кайтарым байланышын" аныктай алат. "Кайтарым байланыш" үзгүлтүксүз процесс катары коомдун "талабына же колдоосуна көз каранды болот. [1, с.44]

Качан ММКнын маалымат агымы чындыкты, реалдуулукту чагылдыра баштаганда коом ага көңүл бура баштайт жана талаптары жогорула баштайт.. Мисалга алсак, коом гранттардын жаңы программалары кандай максатта каржыланып жаткандыгын, донор бул долбоорго эмне максатта салым кошуп жаткандыгын көзөмөлдөшү керек. Бул кыргызстандык коом "өзүнө көптөгөн маданиятты камтыган" саясий-маданий коомго айлангандыгын көрсөтөт, "мында аккультурация эле эмес, транскультурация процесси да жүрөт". [2, с.110]

Коом качан тигил же бул окуяларга интеграциялык кызыгуу жаратканда, маалыматка далилдер кандай контекстте болгонуна, кандай сөздөр менен жазылганына, айтылбай калган нерселер сызылып турганына ж.б. карабастан, коомдун интеграциялануу деңгээли тууралуу сөз кылууга болот.

Маалыматты монтаждоонун негизги максаты коомдун аң-сезимин башкаруу экендигин белгилей кетели. Маалыматты монтаждоо саясий, экономикалык, коомдук, экологиялык жана башкалардан тартып, коомдук процесстерге чейин аралашат.

Коом үчүн олуттуу коркунучту ММКны манипуляциялоо үчүн колдонуу – коомдук аң-сезимди жана адамдардын жүрүм-турумун өздүк кызыкчылыктарына каршы иш кылдыруу же эч нерсе кылбоо максатында көмүскө башкарууну жаратат. Манипуляциялоо, эреже катары, инсанды, партияларды жактоочу же коомдук топтордун кызыкчылыктарын коргоочу каражаттардын баарын камтыган маалыматтарды монтаждоого негизделет.

Гезит, журнал, баракчалар сыяктуу басылма түрүндөгү ММКлар да чоң мааниге ээ. Акыркы мезгилде гезит окугандар жана журналга жазылгандар азайып бараткандыктан, ММКнын бул түрү өз позициясын жоготуп баратат десек болот. Учурда, эң таасирдүү массалык маалымат булагы болуп телеберүүлөр эсептелинет, анын негизги себеби болуп, анын аудиторияга таасир тийгизүүсүнүн техникалык мүмкүнчүлүгү жогору. Тийиштүү комментарийлер коштолуп, туура тандалган видеофрагменттер кө-

рүүчүлөрдүн баасына татып, кызуу коомдук резонанс жаратышы мүмкүн.

Радиоуктуруулардын станцияларынын маалымат контенттери өзгөчө мааниге ээ. Анткени, радио ар кыл маданий, социалдык же саясий окуялардын контенттерин чагылдырууда далилдерге менен эмоция, сезим, кубаныч, кайгыруу, сыймыктануу маңыздарын үн, добуш менен коштойт. Радиостанциялар конкреттүү, маданий, саясий ж.б. көз караштарды калыптандыруу максатында белгилүү бир аудиторияга багытталат жана аны башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. [3, с.43;] Акыркы мезгилде ата-мекендик радиодо колдонулган ыкмалар жетишерлик деңгээлде натыйжалуу кабылданбагандыктан, саясий таасири чектелип калган. Бул республикада жүздөп саналган радиоуктурууучуларга да тийиштүү. Бул абал, көптөгөн коммерциялык радиоуктуруулар «Русское радио», «Эхо Москвы», «Маяк» ж.б россиялык станцияларды кайталап беришкендиктен, айрымдары "Би-би-си", «Голос Америки», Радио «Свобода» жана "Британские новости" сыяктуу батыш радиостанцияларынын патронаты катары аларды кыргыз тилдуу калкта таратуу менен гана чектелишет [1, с.178]. Бир нече жыл мурун эле орус тилинде чыккан гезит, маалымат агенттиктери, телеберүүлөр жана радиолордун үлүшү ММК базарында 50% жогору болчу. Ал эми азыр аймактарда орус тили экинчи планга жылып, азыркы күндө улуттар аралык баарлашуунун каражаты катары эмес, маалымат таратуунун булагы катары гана кызмат кылып келуудо. Серепчилер Кыргызстандын чет жакасындагы орус калкынын сыртккы агымы менен орус тили жергиликтүү жашоочулардын турмуш-тиричилигинен дээрлик жоголуп кетүүсү мүмкүндүгүн эскертишет.

Ага карабастан, Кыргызстандагы, баарынан мурда борбордогу эң таасирдүү жана эң ирилеринен болуп, орус тилинде басылып чыгарылуучу «Вечерний Бишкек», «Дело №», «Слово Кыргызстана» ж.б. бойдон калууда.

Телекомпаниялар, гезиттердин же демөөрчүлөрү, же уюштурууучулары болоору баарына белгилүү. Ошондуктан, каналдын саясий, маданий ж.б. берүүлөрү демөөрчүлөрдүн тескелишинен кийинки гана маалыматтар коомчулукка сунушталууда. Мисалга, алсак 7 апрель, Сентябрь, Азаттык ж.б. маалыматтык контентерин белгилей кетсек болот. Бул маалыматка ээлик кылган кожоюндары окуяларды чагылдырууда артыкчылыкка ээ болушаарын далилдейт. [4, с.44]

Ээлик кылгандар саясий жарнама менен алектенгендер маалыматтык мейкиндикте өзү тууралуу билдирүүгө аракеттенет, алар өзгөчө популярдуулукка ээ телеберүү жана радиоуктуруулардагы маалыматтык көрсөтүүлөргө негизги басымды коюшат.

Илимий-теориялык айлампада ата мекендик экономиканы чет элдик атаандаштыктан коргоого багытталган саясат деп такталган сүрөөчүлүк түшүнүгүн ММК менен масс-медиага колдонууга болот, анткени бир топ күчтүү чет элдик ММК тарабынан болгон атаандаштык банкротко же өлкө үчүн пайдасыз тигил же бул улуттук ММКнын калыптанышына алып келиши мүмкүн. «Маалымат мейкиндигиндеги протекционизм өлкөдөгү белгилүү бир ММК, каналдардын өнүгүшүн шарттайт. [5, с.23]

Биздин өлкөдө сүрөөчүлүк масс-медиа индустриясын өнүктүрүүчү шарттардын бири болуп калды. Ата мекендик маалымат индустриясынын өнүгүүсү үчүн мамлекет техникалык деңгээлди жогорулатуу кызыкчылыгын билдирүүсү керек. Мамлекеттик телеканалдар, радиоуктуруулар коомдук-укуктук институт макамына ээ болгондуктан, коомдун улуттук-мамлекеттик кызыкчылыктарын гана чагылдыруучу маалымат контентине ээ болушу керек. Ошондуктан мамлекет тигил же бул телеканал сүрөмөлөнүшү керек. Сүрөөчүлүк процесстин динамикасын баалоо айрым каналдардын ордун алмаштыруу, өзгөчө ишембилик жана жекшембилик көрсөтүүлөрдү чет элдик мультфильмдер, фильмдер жана башкалар менен алмаштыруу келечекте коомдун социалдык өзөгүн жана адеп-ахлакты бузуу менен байланышкан гуманитардык кыйроого алып келиши мүмкүн.

Дүйнөлүк маалыматтык тажрыйбада сүрөөчүлүк эки түрдө: формалдуу жана формалдуу эмес болуп байкалат. Мисалы, формалдуу эмес сүрөөчүлүк – бул коомдун социалдык, экономикалык, маданий жана башка тармактарында лоббисттер үчүн жагымдуу саясат жүргүзүү максатында, электорат жана коомдук пикирге таасир тийгизүүнүн жардамы менен ишке ашуучу кыйыр ыкма. Сүрөөчүлүк формалдуу компоненти – бул ар кыл саясий топтордун, саясий акция комитеттеринин, медиялык топтордун ж.б. ишмердүүлүгүн колдоого алат.. Алардын арасында биз мисалга тигил же бул өлкөнүн кызыкчылыктарын коргоочу "Американский еврейский конгресс", "Американский еврейский комитет", "Американцы за безопасность Израиля», «Центральный совет мусульман Германии» ж.б. уюмдарды атай кетсек болот.

Ошентип, маалыматтык мейкиндиктеги сүрөөчүлүк ишмердүүлүгү менен, биринчи кезекте, каржыланган өлкөнүн колундагы марионеткаларга айланган, тигил же бул ММКнын, масс-медианын демөөрчүлөрү болуп саналган көп сандаган ӨЭУ, эл аралык байланыштардын субъектилери, партиялар, этникалык диаспоралар ж.б. алектенет. Алар маалыматтык мейкиндикте маалымат талаасын түзүп, аны манипуляциялоонун негизи катары кызмат кылган маалыматтын мазмуну менен толтуруп, алардын кызыкчылыгын сүрөмөлөйт.

Бул талаада коомдук аң-сезимди манипуляциялоонун технологиялары жана механизмдери колдонулат.

Маалыматтык коомдо аң-сезимди манипуляциялоонун системалуу мүнөзү маалыматтык мейкиндикти манипуляциялык ар контенттер менен толтуруу мүмкүнчүлүгүн аныктоочу механизмдер аркылуу ишке ашат. Анын ичинде жекече пикирлер менен айкалыштыруу үчүн айрым бир фактыларды контексттен бөлүп, үзүп алуу ыкмасы менен ишке ашат [6, с.42]

Кыргызстандагы кырдаалдын маалыматтык агымга мамлекеттик көзөмөлдүн жоктугу, басылмалар жана электрондук ММКлар цензурасыз иштешине алып келип жатат. Эгерде, биз батыш олколордун коптогон мамлекеттеринин ММК баамдасак, мисалы Германияда, мамлекеттик атайын департамент ММК контенттерин тескоого алат, ар бир маалыматтын маңызында тымызын коркунучтар барбы же жокпу деп, ар бир басмаканада бул департаменттин өкүлдөрү

штаттык негизде иштешет. Алар атайын улуттун кызыкчылыгы, маданияттары, баалуулуктары боюнча курстардан өтүшөт, ошол эле учурда ар бир маалыматты камтыган контенттен чакырык менен коркунучтарды кантип баамдоого боло турган контент-анализ ыкмасын мыкты билген адистер иштешет. Массалык маалымат каражаттарынын кожоюндары болуп, негизинен жеке кишилер же кызматкерлер саналат. Бул ММКга мамлекеттик органдарга көз карандысыз редакциялык саясат жүргүзүүгө шарт түзүүдө. Өкмөт уюштуруучусу болуп саналган мамлекеттик телерадиокорпорациясы жана бир нече басылмалар гана бул тизмеге кирбейт, көптөгөн көз карандысыз серепчилер белгилегендей, өкмөт тарабынан саясий басымга көбүнчө каршы тура албайт. Калктын маалыматка болгон керектөөлөрүн жалпы жонунан 400дөн ашуун мезгилдүү басылмалар – гезит жана журналдар, 11 радиоуктуруу, 9 телеканал канааттандырат. [7, с.16]

Кыргызстанда коомдук пикирди калыптандырууда ММКларга цензуранын жана басма сөзгө, өзгөчө телеканалдарга салттуу ишенимдин жоктугу белгилүү бир пикирлерди жаратат. Чоң аудиторияга тийгизген таасирине жана окуяларга тез реакция кылуу мүмкүнчүлүгүнө жараша ММК коомдук жашоонун социалдык, экономикалык, саясий жана руханий чөйрөлөрүнө тийиштүү маселелерди камтыган, мурун аларга мүнөздүү болбогон милдеттерге ээ болгон башкаруунун каражаты болуп калат.

Ар бир мамлекет менен ММКнын өз ара катышында негизги үч тенденцияны белгилей кетсек болот, аларга:

1) Мамлекет ММКга ээлик кылат жана анын саясатын толугу менен аныктайт.

Бул аспектиде коомдун жашоосунун бардык тармактарына маалымат контенттери мамлекеттин тоталдык көзөмөлүндө болот. Тоталитардык мамлекетте ММКнын негизги маани-маңызы –социум масштабында белгилүү бир контентке болгон көз карашты мамлекет тарабынан аныкталган каражаттар жайылтууну камсыздайт.

2) Мамлекет ММКга ээлик кылбайт, бирок анын саясатына таасир тийгизет.

Экинчи учурда сөз авторитардык режим тууралуу болот. Мында бийлик алдыңкы телеканалдарга альтернативалуу көз карашты киргизбөөгө, оппозициялык басма сөз органдарына тыюу салууга, массалык гезиттерге жана басылмаларга толук контенттерди чагылдырууга чектөө коюлат.

3) ММКлар саясий жана коомдук плюрализмди чагылдырат. Башкача айтканда, маалыматтар коомдук-саясий өнүгүү маселелери боюнча альтернативалуу позицияны чагылдырат. Сөз эркиндиги жана өз оюн билдирүү мыйзам чыгаруулар тарабынан бекитилген жана мамлекет тарабынан кепилденген негизги укуктарынын бири болуп саналат. Мамлекеттик түзүмдөр жана саясаттар ММКга белгилүү бир эркиндик жана көз карандысыздык зарыл экендиги менен макул болууга мажбур, болбосо алар калктын ишенимин жоготуп алышы мүмкүн.

ММКлардын мамлекет жана коомдук уюмдардын башка түзүмдөрү менен байланышы бир беткей жана карама-каршылыктуу экендигин баса белгилей кетүү керек. Ошондуктан, коомдо ММК инсан жана коомдук топтордун ишмердүүлүгүн кенири чагылдырган каражат катары кызмат кылгандыктан, коомдун, улуттун, ар бир жарандын коопсуздугун камсыз кылган маалымат контенттери менен камсыздалынышы зарыл.

***Адабияттар***


*1. Адильбеков С. С. Роль средств массовой информации в политических системах Республики Казахстан и Кыргызской Республики: сравнительный анализ. –Б., 2017, -76с 1, с.44*

*2. Мальковский И.А. Политкультурное общество в фокусе плюралистической парадигмы: стабильность и коммуникация //Глобализация и мультикультурализм. –М., 2005. -218с. 5, с.110.*

*3. Березин В.М. Сущность и реальность массовой коммуникации: - М., 2002- с.43;.*

*4. Мырзагулов М.М. Телевидение в Кыргызской Республики в контексте формирования и трансформации системы СМИ среднеазиатского региона. Дисс. на соискание уч. степени канд. Полит. наук. - Санкт-Петербург, 2007. - 24с,*

*5. Кастельс М. Информационная эпоха: экономика, общество и культура. - М., 2000- 42-43 с.5, с.98.*

*6. Липпман У. Общественное мнение. - М., 2004 - 119 с.*

*7. Исабаев Б.О. Средства массовой информации в политико коммуникационной системе казахстанского общества: политологический анализ. - Автореф. доктор. полит. наук. - Б., 2011. - 44с.*


***Рецензент: к. филос. н. Бекбоева А.***